**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын июнь айындагы жыйынында "ОшМУда 2024-2025-окуу жылынын илимий иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер" деген маселеге карата**

**Маалымат.**

**Аспирантура жана докторантура бөлүмү**

Аспирантура жана докторантура бөлүмү университетте жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн ректордун 2023-жылдын 9-сентябрындагы №4062-ФХД/23 буйругу менен ачылган. Алгач PhD Кадыров М.А., филол. и.к., доцент Амиралиев С.М. 2024-жылдын 6-февралынан 2-июлуна чейин эмгектенип келди. 2024-жылдын 3-июлунан (№3157-ФХД/24.Б.) бөлүмдү б.и.к., доцент Молдалиев Ж.Т. жетектейт.

Учурда Ош мамлекеттик университетинин аспирантура жана докторантура бөлүмүндө 12 (он бир ) PhD программа өз иштерин алып барат. Ал 1-таблицада келтирилди.

**1-таблица**

| PhD ПРОГРАММАЛАР | |
|---|---|
| 1 | 640200 - Электроэнергетика жана электротехника |
| 2 | 510400 - Физика |
| 3 | 580100 - Экономика |
| 4 | 510100 - Математика |
| 5 | 561000 - Саламаттыкты сактоо жана медицина |
| 6 | Эксп - Саламаттыкты сактоо |
| 7 | Эксп - Медицина |
| 8 | 531000 - Филология |
| 9 | 510200 - Прикладдык математика жана информатика |
| 10 | 520200 - Биология |
| 11 | 600400 -Туризм |
| 12 | Эксп - Медицина |

2024-жылы PhD докторантура бөлүмүндө 5 программага лицензия алынып, 42 докторант кабыл алынган.

Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августунда №517 Токтому киргизилген. PDF-20240921142718-admin_nauk.pdf

- Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобо;

- Философия докторун (PhD) / тармак боюнча докторду даярдоонун аккредитацияланууучу билим берүү прогаммаларына коюлуучу минималдуу талаптар жөнүндө Жобо.

Жогоруда келтирилген Жоболордун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 03.04. №419 / 1 буйругу менен бекитилген базалык докторантуранын (PhD) / профили боюнча билим берүү программаларына окууга кабыл алууда кирүү сынактарын өткөрүү боюнча сынактык комиссиялар жөнүндө Жобого ылайык университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен (№7 проткол, 23.04.2021-ж.)

- PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча докторун даярдоонун тартиби жөнүндө Жобо (№ 6266 ФХД/24 06.11.2024);
- Философия докторун (PhD)/тармак боюнча докторду даярдоодо PhD диссертацияны жазууга жана коргоого коюлуучу талаптар жөнүндөгү Жобо (№ 6266 ФХД/24 06.11.2024);
- PhD/тармак боюнча философия докторун (PhD) даярдоодогу илимий жетекчи жөнүндө жобо (№ 6266 ФХД/24 06.11.2024);
- PhD докторанттарын которуу, окуудан чыгаруу, тикелөө жана академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө жөнүндө жобо (№6359-ФХД/24 12.11.2024);
- Философиянын доктору (PhD) тармак боюнча докторду даярдоонун этикалык стандарттары жөнүндө Жобо (№ 6266 ФХД/24 06.11.2024);
- PhD/тармак боюнча докторанттардын өз алдынча иши жөнүндө жобо (№ 6266 ФХД/24 06.11.2024);
- Философия доктору (PhD)/тармак боюнча докторанттардын илимий стажировкасы жөнүндө жобо(№ 6266 ФХД/24 06.11.2024);
- PhD /тармак боюнча философия докторун даярдоодо эксперттик комиссия жөнүндө жоболор бекитилген(№ 6266 ФХД/24 06.11.2024).

ОшМУнун базалык докторантурасына (PhD профили боюнча) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 27-августундагы №517 токтому менен бекитилген Философиянын доктору (PhD) профили боюнча докторун даярдоо боюнча Жобо менен Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык, "магистр" же "адис" диплому менен тастыкталган жогорку кесиптик билимге ээ Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар тапшыра алат.

**2024-25-окуу жылына карата төмөнкү беш программага лицензия алынды:**

- Медицина/ эксперименталдык.
- Биология/520200
- Туризм/600200
- Фармация/эксперименталдык.
- Коомдук саламаттыкты сактоо/эксперименталдык.

Учурда университетибиздеги PhD докторантура он бир пргограмма боюнча иш алып барууда. 2024-25-окуу жылына карата 1-курска кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын бекитилген тартиби боюнча предметтик комиссия түзүлүп, бекитилген графиктин негизинде сынактар өткөрүлдү. 2024-25-окуу жылынын кабыл алуусунда, жыйынтыгында 44 докторант кабыл алынды.(33 таблица) Окуу жылы ичинде 1-курска кабыл алынган докторанттардын үчөө ар түрдүү себептер менен окуудан четтетилген.

1-курска кабыл алынган докторанттар үчүн баардык программалардын окуу программалары жана окуу графиктери бекитилип, ошол графиктин негизинде 2 семестр бою сабактар өткөрүлдү. Ал эми 2-3-курстар бекитилген диссертациялык темалардын үстүнөн илимий изилдөө иштерин жүргүзүштү.

Жобого ылайык PhD доктордy даярдоодо алардын диссертациясынын темасы, чет өлкөлүк жана ата мекендик илимий жетекчилери дайындалуусу шарт. Аспирантура жана докторантура бөлүмү тарабынан илимий жетекчилердин кесиптик компетенттүүлүгү каралып чыгып, (Илимий жетекчинин кесиптик компетенттүүлүгү WEB of Science жана Scopus маалымат базаларында индекстелген нөлдөн жогорку импакт-факторду камтыган чет элдик жана ата мекендик илимий журналдарда кеминде эки илимий басылма жана баяндамалар менен чыгып сүйлөгөн абройлуу илимий форумдар менен тастыкталат) баарынан жазуу түрүндө макулдугу алынгандан кийин PhD докторанттардын ата мекендик, чет өлкөлүк жетекчилери жана диссертацияларынын темалары ОшМУнун Окумуштуулар кенеши тарабынан бекитилди.

PhD доктордук диссертациянын темалары илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына, улуттук артыкчылыктарга, мамлекеттик программаларга жана илимий жетекчинин фундаменталдык же колдонмо изилдөө программаларына байланыштырылган.

PhD доктордук диссертацияга коюлуучу негизги талаптардын бири катары PhD диссертациянын текстинин оригиналдуулугу эсептелинет:

- коомдук жана гуманитардык илимдер - кеминде 75%;
- жаратылыш таануу, техникалык, физикалык жана математикалык илимдер кеминде 85%;
- медициналык, агрардык жана биологиялык илимдер - 88 % дан кем эмес.

PhD докторанттардын илимий-изилдөө стажировкасы окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана узактыгы эки жумадан кем эмес мөөнөттү түзөт.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 1 протоколу менен бекитилген «2023-2026-окуу жылдарга ОшМУнун стратегиялык приоритеттери» № 4309-ФХД/23 буйругун аткаруу максаттында ОшМУнун аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн толук санариптештирилүүсү каралган. Буйруктун алкагында аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн сайты жана аспиранттарга, докторанттардын илимий маалыматтарды санариптештирүү курсун б.и.к., доцент Молдалиев Жоомарт Тумакович уюштуруп семинар өткөн.

Курсту окутуунун натыйжасында курстун катышуучулары төмөндөгү илимий базаларга катталышты жана өздөрүнүн жеке сайттарын түзүүгө көмөктөштү. https://elibrary.ru, https://scholar.google.ru, https://orcid.org, https://www.webofscience.com,https://www.scopus.com, https:// www. researchgate. net, https://kg.h-index.com/ky.

Ал эми аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн https://postgraduate.oshsu.kg/ сайттары санариптештирилди. Анын алкагында аспирант жана докторанттардын иш кагаздары эч кандай тоскоолдуксуз сайтка жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү жаралды.

1. PhD докторантуранын сайты- https://pstgr.oshsu.kg/ .
2. Аспирантуранын сайты- https://asp.oshsu.kg/ .
3. Изилдөөчүлөрдүн (доктор)- https://ds.oshsu.kg/ .

- 2021-2022 - окуу жылында эки билим берүү программаларына лицензия алынып, кирүү сынактары уюштурулуп 21 PhD докторанттар кабыл алынган:
- 2022-2023-окуу жылында 37 PhD докторант кабыл алынды. Алардын ичинен чет өлкөлүк Али Мунир (Пакистан), жакынкы өлкөдөн Жамынчиев Э. К. (Россия) жарандары окуган.
- 2023-2024-окуу жылында 26 PhD докторант кабыл алынган.
- 2024-25-окуу жылы 45 PhD докторант кабыл алынган, алардын ичинен (Өлкөсү ) 4 алыскы (Өлкөсү ) 2 жакынкы чет өлкө жараны. Жалпы кабыл алуу боюнча жыйынтык 2-таблицада көрсөтүлдү.

**2-таблица**




2023-2024-окуу жылында 3 PhD докторант PhD окумуштуулук даражасын коргогон. 2024-2025-окуу жылында 17 PhD докторант PhD окумуштуулук даражасын коргоо алдында турат. Ал 2-таблицада көрсөтүлдү.

**2-таблица**




PhD докторанттардын илимий-изилдөө стажировкасы окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана узактыгы 2 жумадан кем эмес мөөнөттү түзөт. Изилдөө тажрыйба алмашуу процессинде докторанттардын теориялык окутуу учурунда алган билимдери конкреттештирилет, бекемделет жана тереңдетилет. https://postgraduate.oshsu.kg/pages/news/28777 .

Россия өлкөсүнүн Воронеж шаарынын Бобров ооруканасында илимий стажировакадан https://www.facebook.com/hashtag/oshsu
Стажировкага чыгуу алдында анын максатын, милдеттерин, жекече иш планды түзүү, бекитүү ж.б. аткарылуучу иштер багытында семинарлар өткөрүлөт. Илимий-изилдөө стажировка аяктаганда докторанттар үчүн атайын семинар уюштурулуп, стажировканын отчету угулат.

PhD докторанттарга 2024-жылдын 13-декабрында Мамлекеттик тил комиссиясынын төрагасы Мелис Мураталиев Ош шаарына болгон иш сапарынын алкагында мамлекеттик жана жарандык кызматкерлер үчүн атайын “Кыргыз таануу” сабагын өттү. https://postgraduate.oshsu.kg/pages/news/28258

2025-жылдын 9-январь күнү ОшМУнун Аспирантура жана докторантура бөлүмү тарабынан аспиранттардын жана PhD докторанттардын илимий иштерин санариптештирүү максатында “Жеке сайтты түзүү аркылуу, илимий маалыматтарды электрондоштуруу” деген аталыштагы семинар өткөрүлдү. Семинардын жүрүшү жогорку деңгээлде бааланып, катышуучулар тиешелүү суроолоруна жоопторду ала алышты. https://postgraduate.oshsu.kg/pages/news/28550

**2024-25-окуу жылына карата төмөнкү беш программага лицензия алынды:**
- Медицина/ эксперименталдык.
- Биология/520200
- Туризм/600200
- Фармация/эксперименталдык.
- Коомдук саламаттыкты сактоо/эксперименталдык.

Учурда университетибиздеги PhD докторантура он бир пргограмма боюнча иш алып барууда. 2024-25-окуу жылына карата 1-курска кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын бекитилген тартиби боюнча предметтик комиссия түзүлүп, бекитилген графиктин негизинде сынактар өткөрүлдү. 2024-25-окуу жылынын кабыл алуусунда, жыйынтыгында 44 докторант кабыл алынды.(33 таблица) Окуу жылы ичинде 1-курска кабыл алынган докторанттардын үчөө ар түрдүү себептер менен окуудан четтетилген.

1-курска кабыл алынган докторанттар үчүн баардык программалардын окуу программалары жана окуу графиктери бекитилип, ошол графиктин негизинде 2 семестр бою сабактар өткөрүлдү. Ал эми 2-3-курстар бекитилген диссертациялык темалардын үстүнөн илимий изилдөө иштерин жүргүзүштү.

Жобого ылайык PhD доктордү даярдоодо алардын диссертациясынын темасы, чет өлкөлүк жана ата мекендик илимий жетекчилери дайындалуусу шарт. Аспирантура жана докторантура бөлүмү тарабынан илимий жетекчилердин кесиптик компетенттүүлүгү каралып чыгып, (Илимий жетекчинин кесиптик компетенттүүлүгү WEB of Science жана Scopus маалымат базаларында индекстелген нөлдөн жогорку импакт-факторду камтыган чет элдик жана ата мекендик илимий журналдарда кеминде эки илимий басылма жана баяндамалар менен чыгып сүйлөгөн абройлуу илимий форумдар менен тастыкталат) баарынан жазуу түрүндө макулдугу алынгандан кийин PhD докторанттардын ата мекендик, чет өлкөлүк жетекчилери жана диссертацияларынын темалары ОшМУнун Окумуштуулар кенеши тарабынан бекитилди.

PhD доктордук диссертациянын темалары илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына, улуттук артыкчылыктарга, мамлекеттик

программаларга жана илимий жетекчинин фундаменталдык же колдонмо изилдөө программаларына байланыштырылган.

PhD доктордук диссертацияга коюлуучу негизги талаптардын бири катары PhD диссертациянын текстинин оригиналдуулугу эсептелинет:

- коомдук жана гуманитардык илимдер - кеминде 75%;
- жаратылыш таануу, техникалык, физикалык жана математикалык илимдер кеминде 85%;
- медициналык, агрардык жана биологиялык илимдер - 88 % дан кем эмес.

PhD доктoранттардын илимий-изилдөө стажировкасы окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана узактыгы эки жумадан кем эмес мөөнөттү түзөт. Изилдөө тажрыйба алмашуу процессинде докторанттардын теориялык окутуу учурунда алган билимдери конкреттештирилет, бекемделет жана тереңдетилет.

PhD докторанттын илимий-изилдөө стажировкасы ата мекендик жана чет өлкөлүк илимдин акыркы теориялык, методикалык жана технологиялык жетишкендиктерин изилдөө, ошондой эле илимий, кесиптик ишмердүүлүктүн практикалык көндүмдөрүн бекемдөө, заманбап изилдөө ыкмаларын колдонуу, иштетүү жана диссертациялык изилдөөдө эксперименталдык маалыматтарды чечмелөө максатында жүргүзүлөт. Илимий-изилдөө стажировкасынын мазмуну докторлук диссертациянын (PhD) темасы менен аныкталат. Илимий-изилдөө стажировкасы аяктагандан кийин, докторант бекитилген формадагы отчетун, каалаган үлгүдөгү күбөлүгүн жана берилген ECTS кредиттеринин саны жазылган стенограммасын жана илимий практикага коюлган белгисин тиешелүү кафедрага жана программа жетекчисине тапшырат. Отчет PhD докторанттын даярдык деңгээлин жана кесипкөй багытын мүнөздөгөн негизги документ болуп саналат.

Стажировкага чыгуу алдында анын максатын, милдеттерин, жекече иш планды түзүү, бекитүү ж.б. аткарылуучу иштер багытында программа жетекчилер тарабынан семинарлар өткөрүлөт. Илимий-изилдөө стажировка аяктаганда докторанттар үчүн атайын семинар уюштурулуп, стажировканын отчету угулат.

**Жаңы 2025-2026-окуу жылына карата милдеттер**

| № | Аткарыла турган иштер | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| 1 | ОшМУнун PhD докторантурасы жөнүндөгү Жобого толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү | Бүтүрүүчү PhD докторанттар үчүн диссертациялык ишти жазууга көрсөтмө |
| 2 | Филология жана колдонмо математика жана информатика коомдук программаларын эл аралык аккредитациядан өтүүсүнө көмөктөшүү | Сертификат алуу |
| 3 | 1-курстагы PhD докторанттардын диссертациялык темаларын, чет өлкөлүк жана ата мекендик жетекчилерин бекитүү | Буйрук чыгуу |
| 4 | PhD докторанттардын чет өлкөлүк жетекчилери менен келишим түзүү жана Чет өлкөлүк илимий жетекчилердин эмгек акыларын мыйзамдуу түрдө төлөп берүү жолдорун кароо | Келишим түзүү |

**33-таблица.** 2024-2025-окуу жылынын башында 1-курска кабыл алынган PhD докторанттардын саны

| № | Шифр | Программа | Кабыл алынган PhD докт.саны |
|---|---|---|---|
| 1. | Эксперименталдык | Медицина | 7 |
| 2. | Эксперименталдык | Коомдук саламаттыкты сактоо | 9 |
| 3. | 580100 | Экономика | 5 |
| 4. | 510400 | Физика | 1 |
| 5. | 540200 | Электроэнергетика жана электротехника | 1 |
| 6. | 531000 | Филология | 9 |
| 7. | 510200 | Колдонмо математика жана информатика | 6 |
| 8. | 520200 | Биология | 4 |
| 9. | 600200 | Туризм | 2 |
| | **Жалпы:** | | **44** |

2021-2022-жылы аспирантурага илимдин 11 багыты боюнча күндүзгү окууга – 20, сырттан окууга 31 жалпысынан **51** аспирант кабыл алынган. 2021-жылда илимдин 4 багыты боюнча 9 аспирант диссертациялык ишин ийгиликтүү коргошту.

2022-2023-жылы аспирантурага аспирантурага илимдин 11 багыты боюнча күндүзгү окууга – 15, сырттан окууга 35 жалпысынан **50** аспирант кабыл алынган.

2022-жылда илимдин 5 багыты боюнча 9 аспирант диссертациялык ишин ийгиликтүү коргошту.


2023-2024-жылы аспирантурага аспирантурага илимдин 12 багыты боюнча күндүзгү окууга – 46 аспирант кабыл алынган.


2023-жылда илимдин 7 багыты боюнча 16 аспирант диссертациялык ишин ийгиликтүү коргошту.

2024-2025-жылы аспирантурага аспирантурага илимдин 11 багыты боюнча күндүзгү окууга – 56, сырттан окууга 5 жалпысынан **61** аспирант кабыл алынган. Алардын ичинен Юй Бо, Чэнь Цзин, Ян Сяочян кытай жарандары аспирантурага тапшырышкан.

2024-жылда илимдин 8 багыты боюнча 17 аспирант диссертациялык ишин ийгиликтүү коргошту.

2025-жылы төмөнкү аспиранттар тиешелүү кафедралардан, айрымдары алдын ала коргоодон өтүшүп диссертациялык иштерин коргоонун алдында турушат. Жалпы-10 аспирант.




**Аспиранттар, PhD докторанттар жана студенттер менен иштөө**

Аспирантуранын ишмердүүлүгү бекитилген иш-планга ылайык аспирантура, илимий-изилдөө жана илимий багыттагы иш-аракеттерди координациялоо, көзөмөлдөө, аткаруу менен биргеликте уюштуруу иш-чараларын талапка ылайык жүргүзүп келет.

2024-жылы аспирантуранын документтерин жаңы ченемдик-укуктук актыларга

(https://base.oshsu.kg/resurs/document/PDF-20240921140503-admin_nauk.pdf, https://base.oshsu.kg/resurs/document/PDF-20240921141605-admin_nauk.pdf, https://base.oshsu.kg/resurs/document/PDF-20250228072406-admin_nauk.pdf).

шайкеш келтирүү иш-аракеттери жүргүзүлдү. Тактап айтканда, аспирантурага кабыл алуу 10-октябрга чейин жүргүзүлүп, окуу процесси бул айдын экинчи жарымынан башталды. "**ОшМУнун аспирантурасы жөнүндөгү жобо" иштелип чыгып, Окумуштуулар кеңешинде бекитилди** – https://www.oshsu.kg/kg/page/292.

Аспирантуранын 1-курсу, 2-4-курстары, Кытай аспиранттары үчүн, жалпы 3 **окуу планы иштелип чыгып, бекитилди**.

IAAR (НААР) көз карандысыз аккредитация жана рейтинг агенттигинин Аккредитациялык Советинин 2023-жылдын 16-июнундагы №75 протоколуна ылайык Ош мамлекеттик университетин аккредитациялоонун жыйынтыгы менен тышкы эксперттик комиссиясынын эксперттик бүтүмдөрүн ишке ашыруунун комплекстүү иш планынын 9.1-8.2 пункту боюнча аспирантуранын 1-курсу үчүн түзүлгөн жаңы окуу планында "Академиялык жазуу" дисциплинасы киргизилген. 2025-2026-окуу жылынан баштап, бул курс аспиранттарга өтүлө баштайт.

Аспиранттардын документтерин **санариптештирүү сайты иштелип чыкты** – https://asp.oshsu.kg/.

2023, 2024, 2025-жылдары аспиранттар, изденүүчүлөр, окутуучулар **үчүн "Илимий изилдөө иш-аракеттерин уюштуруунун негизги эреже-талаптары", "Илимий изилдөөлөрдүн методологиясы"** деген темадагы тренинг-семинарлардын цикли өткөрүлдү – https://www.oshsu.kg/kg/news/2185, https://www.oshsu.kg/kg/news/3024, https://www.oshsu.kg/kg/news/2783.

2025-жылы Ош мамлекеттик университетинде аспирантурада 200дөн ашуун аспирант окуп жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүшүүдө. Учурда университетте аспиранттардын илимий жетекчилеринин саны 100 окумуштууну түзөт, анын ичинен 95 окумуштуу илимдин доктору, профессорлор, 5 окумуштуу илимдин кандидаты, доценттер. ОшМУдагы 39 илимдин доктору, профессорлор, 1 илимдин кандидаты, доценттер аспиранттарга илимий жетекчилик кылышат. Башка окуу жайлардан, илимий мекемелерден 56 илимдин доктору, профессорлор, 4 илимдин кандидаты, доценттер илимий шакирттерди даярдашууда. Алардын арасында белгилүү илимпоздор, КУИАнын академиктери жана мүчө-корреспонденттери бар.

**2023-жылы аспирантуранын 15, 2024-жылы аспирантуранын 18 бүтүрүүчүсү кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргошту.**

**Аспиранттар тарабынан отчеттук жылда 700дөн ашуун илимий эмгек, анын ичинде Scopus и Web of Science системаларынан 30га жакын макала жарыкка чыккан.**

**2014-жылдан бери университетте үзгүлтүксүз** өткөрүлүп келе жаткан **"Студент жана илимий-техникалык прогресс" аттуу аймактык студенттик илимий конференция** салттуу иш-чара болуп эсептелет. Конференциянын көптөгөн катышуучулары билим берүүдөгү, түрдүү илимий конкурстардын жеңүүчүлөрү, президенттик, атуулдук ж.б. стипендияларга ээ болушуп, мыкты, кесипкөй адис болуп

чыгышты. Алгачкылары  аспирантураны аякташып, кандидаттык диссертацияларын коргоп калышты. Бул илимий иш-чара студенттик коомчулуктун жана жаш окумуштуулардын илимий изилдөөлөр үнүн натыйжаларын жана жыйынтыктарын талкуулоо, колдонуу үчүн максаттуу, жалпы аянтчага айланды. Студенттердин, магистранттардын илимий изилдөөлөрүн активдештирүүгө, өнүктүрүүгө, адис катары көндүмдөрдүн пайда болуусуна жана калыптануусуна өбөлгө түзүүдө.

**2023-жылдын 25-ноябрында  университетте  "Студент жана илимий-техникалык прогресс" аттуу X юбилейлик аймактык студенттик илимий конференция өткөрүлдү**. Конференцияга  түштүк аймагындагы  жогорку окуу жайларынан 400дөн ашуун алдыңкы студенттер, магистранттар жана 100дөн ашуун алардын илимий жетекчилери, окумуштуулар, ЖОЖдордун илим чөйрөсүнүн өкүлдөрү, катышышты. Жаш илимпоздордун илимий макалалары  илимдин бир нече багыттары боюнча иш алып барган 22 секцияда  талкууланды жана мыкты баяндамачыларга дипломдор ыйгарылды – https://www.oshsu.kg/kg/news/2071, https://www.oshsu.kg/ru/news/2075.

**Ош мамлекеттик университетинде 2024-жылдын 30-ноябрында  "Студент жана илимий-техникалык прогресс" аттуу XI аймактык студенттик илимий конференция өткөрүлдү**.

Конференцияга  түштүк аймагындагы  жогорку окуу жайларынан илимий макалалары менен 450гө жакын алдыңкы студенттер, магистранттар жана 150гө чукул алардын илимий жетекчилери, окумуштуулар, ЖОЖдордун илим чөйрөсүнүн өкүлдөрү,  илим, аспирантура  бөлүмдөрүнүн башчылары катышышты.

Илимий макалалар  20 секцияда  талкууланды жана мыкты баяндамачыларга дипломдор, катышуучуларга сертификаттар ыйгарылды – https://www.oshsu.kg/kg/news/2906.

**Жогоруда белгилengендердин жана университеттин аныктаган стратегиялык багыттарынын негизинде, коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр сунушталат:**

Өткөн окуу жылынын жыйынтыгын талдоонун негизинде 2025-2026-окуу жылында төмөнкү багыттарда иштерди күчөтүү зарыл:

- Университеттин илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердигин трансформациялоого карата иштерди пландаштырып, аткаруу.
- Илимий ишмердүүлүктү жана билим берүү процессин интеграциялоо.
- Университеттин илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердигин коммерциялизациялоо.
- Окуу-билим берүү, илимий-изилдөө, финансылык-чарбалык ишмердүүлүктү натыйжалуу башкарууну колдогон университеттин бирдиктүү санариптик экосистемасын түзүү.